УДК: 9

*Каниметов А.К., тарых илимд. канд., доцент,*
*Бoконтаева Ж.К., социол. илимд. канд., доцент,*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

## С.ИЛЬЯСОВДУН ӨМҮР ЖОЛУ ЖАНА ПРЖЕВАЛЬСК ШААРЫНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Макалада С.Ильясовдун өмүр жолу жана окуу жайдын уюшулган алгачкы жылдарында эмгектенген окумуштуунун педагогикалык ишмердүүлүгү архивдик маалыматтардын негизинде чагылдырылды.*

*Сатар Ильясов тууралуу жазылган эмгектерде анын басып өткөн оор турмушу, билим алууга болгон аракеттериндеги кыйынчылыктары, ысык-көлдүк кыргыздар менен туулган жерин калтырып, аргасыздан Кытайга качкан учурлары, ал жердеги жашоо-шарттары баяндалат. Мындан сырткары, педагогикалык ишмердүүлүгүнө токтолуп кетсек, Көл өрөөнүндөгү Пржевальск шаарындагы окуу жайга алгач Кыргыз Өкмөтү тарабынан кам көрүлүп, кыргыздын алдынкы катардагы өкүлдөрү менен Сатар Ильясов дагы жиберилип, ал институттун негизделишине өзүнүн бир катар салымдарын кошуп келген. Сатар Ильясов эмгектенген окуу жай азыркы учурда бай тарыхка ээ экендиги жөнүндө маалымдалат.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *Ысык-Көл, Пржевальск, өмүр жолу, мугалимдер институту, окумуштуу, ишмердүүлүк, тарыхый маалыматтар, көтөрүлүш, өздүк архив.*

*Каниметов А.К., канд. истор. наук, доцент*
*Боконтаева Д.К., канд. социол. наук, доцент,*
*ИГУ им. К.Тыныстанова*

## ЖИЗНЕННЫЙ ПУТЬ С.ИЛЬЯСОВА И ЕГО ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ В Г. ПРЖЕВАЛЬСКЕ

*Статья посвящена педагогической деятельности общественного деятеля С.Ильясова на основе архивных материалов. В трудах, посвященных С.Ильясову рассказывается о тяжелой жизни на пути к получению образования и его стремлении к учебе. Вместе с иссык-кульскими кыргызами он бежал в Китай и пережил трудности жизни на чужбине. Он вместе с другими передовыми представителями кыргызского народа был направлен со стороны Кыргызского Правительства на учебу в город Пржевальск. Он внес большой вклад в становление учительского института в г. Пржевальске. Сегодня мы можем с уверенностью сказать, что учебное заведение, у истоков которого стоял Сатар Ильясов, имеет богатую историю.*

***Ключевые слова**: Иссык-Куль, жизненный путь, учительский институт, общественная деятельность, исторические источники.*

*Kanimetov A.K., Candidate of Historical sciences, Associate Professor,*
*Bokontaeva D.K., Candidate of Social sciences, Associate Professor,*
*Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov*

## LIFE PATH OF S. ILYASOV AND HIS TEACHING ACTIVITIES IN PRZHEVALSK

*The article is devoted to pedagogical activity of a public figure S.Ilyasov on the basis of archival materials. In the works devoted to S. Ilyasov it is told about a hard life on a way to education and his aspiration to study. Together with the Issyk-Kul Kyrgyz he fled to China and experienced the difficulties of living in a foreign country. He was sent by the Kyrgyz government to Przhevalsk to study with other leading representatives of the Kyrgyz people. He made a major contribution to establishing a teachers' institute in*

*Przhevalsk. Today we can confidently say that the educational institution, which was founded by Satar Ilyasov, has a rich history.*

***Keywords:*** *Issyk-Kul, life path, teacher institute, social activities, historical sources.*

Кыргыз мамлекетинин тарыхын изилдөөгө чоң салым кошкон, инсан Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын академиги, тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз ССРнин Илим жана техника боюнча Мамлекеттик сыйлыктын ээси, “Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер” Сатар Ильясовдун өмүр жолу жана илим багытындагы ишмердүүлүгү жөнүндө бир нече илимий макалалар жарык көргөн.

Анын өздүк архивинен табылган документтерде академиянын партиялык уюму тарабынан С.Ильясовдун ата-тегин териштирүү боюнча түзүлгөн комиссиянын жазган билдирүүлөрүндө кызыктуу маалыматтар табылды. Анда Сатар Ильясовдун чоң атасы Ормуш жөнүндө төмөндөгүдөй баяндама берилген: «Сатар Ильясов 1908-жылы Ысык-Көл өрөөнүндөгү Тору-Айгыр айылында туулган. Чоң атасы Ормуш ажы айылдагы чарбачыл адамдардын катарына кирген. Анын 200 кой-эчкиси, 15 жылкысы, 30 уйу, 5-6 төөсү болгон. Ормуштун Ильяс, Сулайман, Чортон деген уулдары, Ажар, Бүбү, Сайкал аттуу кыздары болгон» [1]. С.Ильясовдун ата-теги жөнүндө айылдык санжырачы Наамат молдонун жазганы боюнча, С.Ильясовдун түпкү ата-теги саяк уруусунан таралган атактуу Жалдуу Каба болгон.

Ормуш ажынын уулу баласы Ильяс Көлдөгү билимдүү молдолордон билим алып, кийин айылдагы балдарды окута баштаган. Тору-айгырлык Наамат, Төлөгөн молдолордун айтымында: «Ильяс момун ыймандуу молдо болгон. Ал көп сүйлөбөгөн, түнт адам эле. Балдарды окутканы үчүн алардын ата-энесинен акы доолап соодалашчу эмес. Бергенин алып, ушуга да Кудайга шүгүр деп ыраазы болчу. Араб тамгасында жаза албаган, куранды жатка айта албаган балдарды башка молдолордой каарданып урушчу эмес. Тескересинче, эртең жакшы окуп кел, жолдошторуңдун арасында уят болбогун. Араб тамгасында жаза жана окуй билүү менен силер  билимдүү адамдардын катарында болосуңар, үйрөнөсүңөр» [2] деген акыл сөз менен балдарга сүйкүмдүү устаз катары бааланчу.

Академиктин өздүк архивиндеги кол жазмаларда: «Ильяс ат-башылык чериктердин кызына үйлөнүп, андан Сатар (1908-ж.) жана Мария (1910-ж.) аттуу уул-кыздуу болгон» [3] – деген баяндама бар. Бул маалымат аркылуу Сатар Ильясовдун таякелери Ат-Башынын азыркы «Өзгөрүш» айылынан экендигинен кабар берет.

1916-жылы август айында ысык-көлдүк кыргыздар туулган жерин таштап, Кытайга качкан. Ормуш ажы дагы бүт үй-бүлөсү менен Кытайга барып, чек арадагы тоолордо баш калкалашат. Улуттук илимдер академиясында сакталган  академик Сатар Ильяовдун өздүк делосунда жазылган өмүр баянында 1916-жылдагы кыргыз элинин башына түшкөн оор күндөр жөнүндө кыскача гана «ата-энем менен Кытай жергесине барганбыз. Атам Ильяс ошол жакта каза болгон» - деген жазуу бар [4].

1916-жылы Тору-Айгыр айылында жашаган Бокотай, Барак, Үсөн (Торпок) урууларынын орус аскерлерине кандай мамиле жасаганы тууралуу Кубан Абдымендин китебинде мындайча жазылган: «Академик Сатар Ильясовдун 1960-жылдары Тору-Айгыр айылындагы аксакалдар менен аңгемелешип отуруп айткан эскерүүсүндө: «1916-жылы август айында мен 8 жаштагы бала элем. Атам Ильяс айылдын молдосу катары балдарга жазганды, окуганды үйрөтчү (араб тамгаларды). Мен 6 жашыман баштап окуп, араб тамгаларды жазганды үйрөнүп алгам. Бир күнү жакын тууганыбыз Сыргабай уулу Масыл келип, ак падыша буйрук чыгарыптыр, биздин жигиттерди орус-герман согушуна аскерге алат экен. Бирок Ошто, Пишпекте, Токмокто элдер буга макул болбой, алардын бийлигине каршы турууга элди үндөп жатышыптыр. Эгерде биз куралданган орус аскерлерине куралы жок элди [каршы] үгүттөсөк, элди кырып алабыз. Ошондуктан эл-журтту, ага-туугандарды Көлдөн Нарын тарапка эртерээк көчүрүп кетүү маселесин атам Ильяс экөөнүн кеңешип

атканы эсимде калыптыр. Мен ак падышанын бизди карай ок аткан аскерлерин көргөнүм жок. Биз алардан качып эле жүрүп олтурдук. Жол азабын аябай көрдүк, малдын көбүнөн айрылдык. Кытайда атам Ильястан жана ондон ашык жакын тууганлардан бир жумада ажырап калдык. Натыйжада, 1916-жыл Тору-Айгыр өрөөнүндө жашаган Куткамергендин уул-кыздарын Ата-журтунан ажыратты. Көптөгөн аталаш туугандарыбыз ачкалыктан, жол азабынан, оорудан көз жумду. Бул кандуу күндөрдүн чоң кесепетинин бири жакын адамдардан түбөлүккө айрылганыбызда »,- деген эле [5].

Академиктин өмүр жолу жазылган документтерде: «Ормуш ажынын чоң үй-бүлөсүнөн Кытайга баргандан кийин, 9 адам бир жумада жугуштуу оорудан каза болгону, Ормуштун тун уулу Ильяс 31 жашында каза болгону» айтылат [6]. Бул маалымат аркылуу Сатардын 10 жашында атасынан айрылып жетим болгону белгилүү болду.

Сатар Ильясов өмүр баянын жазганда өзүнүн ата-тегин жазууда, алардын чыныгы тегин айтуудан коммунисттердин жүргүзгөн саясатынан чочулаган. Ал өзүнүн чоң атасы Ормуш ажы экенин жашырып, Ильясов Сатар Ильясович деп жазууга аргасыз болгон.

Ормуш чындыгында эле ажыга барып келген, ислам динин бекем туткан адам экендиги тууралуу жогоруда архивдик маалыматтар ырастады.

Сатар Ильясовдун билим алуусу тууралуу кээ бир тактоолор анын өздүк архивинен алынган маалыматтар менен толукталды. Ал арабча жазганды жана окуганды атасы Ильястан, кийин айылдагы Наамат молдодон үйрөнсө, кийин 1919-жылы Караколдогу жетим балдар үйүндө орус-тузем мектебинде билим алган. Бир аз убакыт Балыкчыдагы орус-тузем мектебинде, андан соң Ташкенттеги Орто азиялык университеттин медицина бөлүмүндө 6 ай окуган. Ден соолугуна байланыштуу окуусун таштап, Фрунзедеги бухгалтердик эсеп мектебинде 6 айлык курсту бүтүргөн.

Кийин Ленинград шаарында 3 айлык бухгалтердик курсту ийгиликтүү аяктаган. С.Ильясов 1935-1939-жылдары Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетин бүткөндөн кийин, 1939-1942 жылдары аспирантурада окуйт. Согуштун башталышы менен Фрунзедеги педагогикалык институт Пржевальск шаарына көчүрүлгөндө С. Ильясов өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүн көл аймагында өткөргөн. Бул окуу жай Кыргызстандагы эң алгачкы ири окуу жайларынын бири катары 1940-жылы 13-июнда Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Советинин токтому менен эки жылдык Мугалимдер институту болуп ачылган.

Институттун ачылышы үч факультет менен байланыштуу. Алар тарых факультети (26 кыргыз, 24 орус тилдүү), адабият факультети (25 кыргыз, 25 орус тилдүү), физика-математика факультети (25 кыргыз, 25 орус тилдүү) болуп, жалпы 150 студент кабыл алынган. Бул мезгилде кыргыз тили жана адабияты мугалимдерин даярдоого өзгөчө маани берилип, биринчи кезекте бул аймактын мектептерин мугалимдер менен камсыз кылуу иши жолго коюлган [7]. Мугалимдер институту өз кезегинде Ысык-Көл аймагын эле эмес, бүтүндөй Кыргызстанды мугалимдер менен камсыз кылып, бул окуу жайда эл агартуу, илим-изилдөө тармагындагы кыргыз элинин Ысык-Көл аймагынан чыккан инсандары К.Тыныстанов, Ж.Абдрахманов, С.Карачев, Х.Карасаевдин ж.б. улуу иштерин уланткан мамлекетибиздеги бирден-бир белсемдүү окуу жайларынан болуп келген. Жаңыдан ачылган институтка Кыргыз Өкмөтү тарабынан жакшы деңгээлде кам көрүлүп, бул окуу жайга З.Бектенов, Т.Байжиев, Б.Жамгырчинов, Б.Элебаев, С.Ильясов, А.Искаков, Ж.Юсупов өңдүү кыргыздын жөндөмдүү алдыңкы интеллигенциясынын өкүлдөрү жөнөтүлүп, кезегинде алар бул институттун түптөлүшүнө зор салымдарын кошушкан.

Институттун биринчи директору А.Шеньдрих, директордун орун басары болуп З.Бектенов эмгектенген.




**Постановление совета народных комиссаров**
**от 13 июня 1940 года**
**об открытии нового 2-х годичного учительского**
**института в г. Пржевальск.**
**Совет Народных Комиссаров Киргизской ССР постановляет:**

1. Считать необходимым открыть с нового 1940-1941 учебного года 2-х годичный учительский институт в городе Пржевальск с контингентом на 150 человек, со следующими отделениями:

А) исторический факультет на – 50 человек, в том числе киргиз 26 человек;

Б) физико-математический факультет – 50 человек, в том числе киргиз – 25 человек;

В) литературный факультет – 50 человек, из контингентов одну группу русского языка и литературы для нерусских неполных средних школ, одну группу киргизского языка и литературы для киргизских неполных средних школ;


2. Просить Всесоюзный комитет высшей школы при СНК СССР утвердить открытие учительского института в городе Пржевальск;

3. Обязать Нарком Просвещения Киргизской ССР тов. Шукурова приступить к подбору преподавателей института.

*Заместитель Председателя* *И.Ребров. СНК Киргизской ССР*
*Зам. Управляющего Делами* *М.Рысалиев СНК Киргизской*

1941-жылдары окуу жайды Кыргызстандын эң алгачкы химик окумуштуусу С.Арбаев жетектей баштаган. Андан кийин институтка Б.Молдобаев директор болгон. Ошентип, Ата Мекендик согуштун жылдарында окуу жайдын студенттеринин жана окутуучу-педагогдордун саны бир кыйла өскөн. 1941-1942 - окуу жылында институтта 62 педагог эмгектенген, алардын жыйырмасы илимдин кандидаты жана доцент болгон. Бул, өз кезегинде, окуу жайдын өтө жогорку деңгээлинен кабар берет [8].

Мугалимдер институтунда Сатар Ильясов педагогикалык ишмердүүлүгүн өтөп жүргөн мезгилинде 1942-жылдын 7-августунда Ысык-Көл областтык комитет тарабынан күбөлүк берилип, Тянь-Шань областына Кыргыз педагогикалык институтуна студенттерди кабыл алуу боюнча иш сапарга жөнөтүлгөн. 1942-жылдын 14-августунан 19-августуна чейин Тянь-Шань өрөөнүндө болгондугун тарыхый документтер тастыктайт.



Bardьq өlkөlөrdyn proletarlarь, birikkile!

QЬRQЬZSTAN KOMMUNISTTIK (bolşevikter) PARTIJASЬ

ЬSЬK-KӨL OBLASTTЬQ KOMITET

Пролетарии всех стран, соединяйтесь!

КОММУНИСТИЧЕСКАЯ ПАРТИЯ (большевиков) КИРГИЗИИ

ИССЫК-КУЛЬСКИЙ ОБЛАСТНОЙ КОМИТЕТ

№ 3/127 7 августа 194_ г.


УДОСТОВЕРЕНИЕ

Дано Ильясову Сатар, в том, что он посылается в Тянь-Шаньскую область по набору студентов в Киргпединститут.

Отдел кадров Иссык-Кульского ОК КП/б/ Киргизии просит партийные, советские и общественные организации оказать тов. Ильясову содействие в проводимой работе.

Секретарь Иссык-Кульского ОК КП/б/ Киргизии /СЕННИКОВ/

1943-жылы 1-июлдагы №1516 Ысык-Көл областтык комитет С. Ильясовду курулуш объектилерине пропагандист катары обком партиянын атынан 1943-жылдын 20-июлуна чейин жиберүү жөнүндө күбөлүк берилгендиги маалымдалат.



Кыргызстан К(б)П Ысык-Көл областтык комитети

КП(б) Киргизии Иссык-Кульский областной комитет

1/VII — 1943 г.

№ 1516


г. Пржевальск

УДОСТОВЕРЕНИЕ.

Тов. Ильясову Обкомом партии направляется на строительство №-175 работать в качестве пропагандиста. Удостоверение действительно до "20" июля 1943 г.

Секретарь Иссык-Кульского ОК КП/б/ Киргизии: /Сенников/.-

Ушул эле жылы Ысык-Көл областтык советинин Аткаруу комитети тарабынан С.Ильясовго 11-августта №4379/5 номериндеги күбөлүгү берилип, Фрунзе шаарына 22-августка чейин он күн иш сапарга жиберилгендиги тастыкталган.



КЫРГЫЗ ССР
ЭМГЕКЧИЛЕР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЬТЫК СОВЕТИНИН АТКАРУУ КОМИТЕТИ
ш./г. Пржевальск

ИСПОЛНИТЕЛЬНЫЙ КОМИТЕТ ИССЫК-КУЛЬСКОГО ОБЛАСТНОГО СОВЕТА ДЕПУТАТОВ ТРУДЯЩИХСЯ КИРГИЗСКОЙ ССР
к./ул. Дзержинского, д. № 80

Жооп кайтарууда биздин №-га негизделсин
При ответе ссылайтесь на наш №

"11" августа 1943 г. № 4379/5.


КОМАНДИРОВОЧНОЕ УДОСТОВЕРЕНИЕ

Выдано Иссык-Кульским Облисполкомом т. Ильясову Сатару
командированному в город Фрунзе
срок командировки "10" дней по "22" августа 1943 года.
Основание: Приказ №____ от "__" _____ 1943 г.
Действительно по предъявлении паспорта сер. №____
Председатель Иссык-Кульского Облисполкома – (Г.Тугельбаев)

г. Пржевальск, зак. 380, тир. 7000

Окумуштуу, педагог С.Ильясов Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунда эмгек жолун катардагы мугалимден баштап, кафедра башчысы, декандык кызматка чейин көтөрүлгөн. Бул жылдары тарых адистигинде билим алган студенттерге коомдук илимдердин кызматкери катарында социалистик Мекенди коргоонун идеяларын, тарыхтагы эл массаларынын чечүүчү ролун, СССРдин жеңип чыга тургандыгынын шексиз экендигин жана закон ченемдүүлүгүн кеңири пропагандалаган. Окуу жайда билим алып жаткандарга көп улуттуу Мекендин элдеринин достугунун духунда тарбия беришкен.






Кийинки жылдары педагогикалык институттун профессорлор-окутуучулар курамы СССРдин европалык бөлүгүнөн эвакуацияланган окумуштуу-педагогдор тарабынан да бир кыйла чыңдалган. Москва университетинен профессор Смирнов, Ленинград университетинен профессор А.Любищев, Будапештен профессор Рудаш, Харьков университетинен илимдин кандидаттары, доценттер Нейман, Кузнецов ж.б. келишип, окуу жайдагы илимий-педагогикалык иштердин өркүндөп өсүшүнө чоң өбөлгө болушкан. Мындан тышкары, Пржевальск шаарына Ленинграддагы корабль куруу институту көчүрүлүп келип, анын профессорлор-окутуучулары да педагогикалык институтка жардам беришип, студенттерге билим берүү, илим-изилдөө иштерине түздөн-түз катышышкан.

Сатар Ильясов 1944-жылдан 1965-жылдарга чейин Кыргызстан ИАнын Тарых институтунда  кенже илимий кызматкер, сектор башчысы, директор болуп эмгек ишин баштаган. “Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер” С.Ильясов “Кыргыз ССРнин тарыхын” түзүүдө авторлордун бири катары Кыргызстандагы агрардык маселени кеңири баяндаган. Ошондой эле Ысык-Көл кыргыздарынын этнографиясын изилдөөгө арналган бир топ эмгектери жарыкка чыккан.

Профессор С.Ильясов эмгектенген Пржевальск мугалимдер институту 1944-жылы кайра калыбына келтирилип, ага ушул эле шаарда туулуп-өсүп, Улуу Ата Мекендик согушта Белоруссияны коргоодо эрдик көрсөтүп, кыргызстандыктардын ичинен биринчи жолу 1941-жылы 10-июлда Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наамга татыктуу болгон Г.Дмитровдун ысымы ыйгарылган. 1944-жылы институтта 30 окутуучу эмгектенген, алардын жетөөсүнүн окумуштуулук даражасы жана наамдары болгон. Окуу жайдын студенттеринин саны жыл санап өсүп отурган. 1946-жылы институтта сырттан окуу бөлүмү ачылып, тил жана адабият адистигине – 100, тарых адистигине – 50, физика жана математика адистигине – 150 студент кабыл алынган [10].

СССР Министрлер Советинин 1953-жылдын 22-апрелиндеги чечими менен Пржевальск педагогикалык институту уюштурулган. Ушул эле жылы институтка 345 студент кабыл алынып, окуй баштаган. Жаңы ачылган педагогикалык институттун ректорлугуна С.Юсупов дайындалган. Жаңы статуска ээ болгон окуу жай Кыргызстандын, өзгөчө, Ысык-Көл жана Нарын аймактары үчүн педагог-адистерди даярдоо ишин жылдан жылга жаңы баскычка көтөрүп, республиканын эң алдыңкы жогорку окуу жайларынын бири катары эсептелген. Кыргызстандын эгемендүүлүккө жетиши менен 1992-жылы 18-декабрда окуу жайы университетке айланып, ага кыргыздын чыгаан уулу, таланттуу

окумуштуу-тилчи, элибиздин туңгуч профессору Касым Тыныстановдун ысымы ыйгарылган [9].

С.Ильясов эмгектенген окуу жай учурда бай тарыхка ээ. Азыркы учурда университет 23 багыттын 48 профили боюнча бакалаврларды жана ошондой эле 5 багыт 7 профиль боюнча магистрлерди даярдайт. Окуу процессин 21 кафедра жүргүзүп, 80ден ашык илимдин докторлору, профессорлор, кандидаттар эмгектенет. Билим берүү 6 окуу корпусунда жүргүзүлүп, аларда 89 окуу аудиториясы, 51 окуу-методикалык кабинет, 16 лекциялык зал, 24 компьютердик жана мультимедиялык класстар, 19 лабораториялар, 16 тематикалык борборлор жана E-learning студиясы бар. Университеттин Илимий китепканасы аймактагы гана эмес, республикабыздагы эң бай китепкана болуп эсептелет. Анын окуу, илимий-методикалык жана сурап билүү адабияттарынын фондусу 446473 экземплярдан ашуун. Мындан тышкары, окуу жайыбыз талапка ылайык деңгээлдеги материалдык-техникалык базага ээ. Окуу жайдын эмгек жамааты, профессорлор-окутуучулары республиканын эл чарбасынын бардык тармактары үчүн керектүү, заманбап адистерди даярдоодо белсенип иш алып барышат.

**Адабияттар:**


1. Академик Сатар Ильясовдун өздүк архиви. Д.№1 (Партиялык уюм тарабынан түзүлгөн комиссияда, институттун кызматкерлери С.Керимбаев (т.и.д.) жана К.Усенбаев болгон. Алардын кол жазмалары №1 делодо сакталып турат).
2. Академик Сатар Ильясовдун өздүк архиви. Д.№1 (Наамат Укубаевден жазылып алынган).
3. Академик Сатар Ильясовдун өздүк архиви. Д.№1 (Наамат Укубаевден жазылып алынган).
4. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын архиви. Академик С.Ильясовдун өздүк делосу. Д. №9. 2 б.
5. Абыден К. Тынымсыз аккан саясат. -Б., 2016. 279-280 б.б.
6. Академик Сатар Ильясовдун өздүк архиви. Д. №1
7. Иссык-Кульский государственный архив. Пржевальский государственный учительский институт имени Димитрова – ф. 216, д.1504.
8. Историческая справка. Об организации и деятельности Пржевальского государственного педагогического института МНО Киргизской ССР. Иссык-Кульский Государственный архив.– ф. 787, д. 320.
9. Каниметов А.К., Токтосопиев А.М. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин тарыхы. -Каракол, 2008. 5-10-б.
10. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. -Бишкек, 2003. 200 б.